Адатта документтердин нотариус аркылуу тастыкталган орусча котормосу дагы талап кылынат, кээде баланын медициналык полисин дагы талап кылышат.

Эгерде ата энелердин бирөө ЕАЭБдин жараны болуп анын эмгек же жарандык-укуктук макулдугу болсо, анын негизинде баланын каттосун макулдуктун мөөнөтү бүткөнчө узартып койсо болот.

## ПАЙДАЛУУ БАЙЛАНЫШ ДАРЕКТЕР

Эгерде мектепке алуу боюнча көйгөйлөр жаралса, **билим берүү Департаментине же Комитетине** кайрылсаңыз болот:

**Москва:** https://www.mos.ru/feedback/reception/
**Московская область:** 8 (498) 6021027
**Санкт-Петербург:** 8 (812) 576-20-19, 8 (812) 576-18-36, 8 (812) 576-18-76, 576-18-74.
**Ленинградская область:** 8 (812) 611-44-90

Баланын укугу тебеленген учурда **баланын укугу боюнча ыйгарым укуктуу адамдын** жардамына кайрылсаңыз болот:

**РФнын баланын укугу боюнча ыйгарым укуктуу адамы** - deti.gov.ru
**Москва:** ombudsman.mos.ru, 8 (495) 957-05-85
**Московская область:** detimo.mosreg.ru, 8 (498) 602-32-07
**Санкт-Петербург:** spbdeti.org , 8(812) 576-70-00
**Ленинградская область:** 47deti.ru , 8 (812) 400-36-49

## КООМДУК УЮМДАР

### Санкт-Петербург:

**АНО «Дети Петербурга»:** detipeterburga.ru, +7 911 773-77-87 (орус тилин үйрөнүү, мектепке орноштуруу жана балдардын адаптациясы)

**БФ «ПСП-фонд»**: psp-f.org, 8 (812) 337-57-85, 8 (953) 141-31-09 (мигранттарга төлөмсүз укуктук жардам)

### Москва жана Москва областы:

**«Такие же дети»:** kidsarekids-center.com (орус тилин үйрөнүү, мектепке орноштуруу жана балдардын адаптациясы)

**Комитет «Гражданское содействие»:** refugee.ru 8 (495) 681-18-23 (укуктук жардам)

## ОРТО АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ УЮМДАР

### Өзбекстан Республикасы

Ташкентский городской социально-информационный центр «Истикболли Авлод»
100015,Республика Узбекистан, город Ташкент, Мирабадский район, ул. Катта Миробод, 4-ый проезд, д. 22
Тел/факс: +998 71 254-12-87
Шашылыш линия+998 95 143-94-94
Наманган: +99895 301 94 94 Ургенч: +99899 509 94 94
Нукус: +99895 605 94 94 Ташкент: +99895 143 94 94
iatashkent2014@gmail.com Сайт: http://ia.uz/

### Республика Таджикистан

**ОО «Центр по правам человека»**
Башкы офис
734000, Республика Таджикистан
г. Душанбе ул. Валамадзаде 8/1, кв.30
+992 37 227-51-87, +992 918 67-96-06
Юристтин кабылдамасы: +992 93 300 13 93
Сайт: www.muhojir.info
Чат в Viber: muhojir.info
E-mail: hrc.tajikistan@gmail.com

**ОО «Гамхори»**
Республика Таджикистан, Хатлонская область,
г. Курган-Тюбе, ул. Космонавтов, 42/46.
+992 918 88-61-88
E-mail: bahodur9166@mail.ru

### Кыргыз Республикасы

**ОО «Ресурсный центр для пожилых»**
Бишкек: +996 770 89-18-06
kyrgyzstan.rce@gmail.com

**КРдагы миграция маселелери боюнча Жергиликтүү Коомдук Кеңештер:**
1. Иссык-Кульская область, г. Каракол, ул. Ленина 152
+996 778 013216; +996 704 013216
2. Таласская область, г. Талас, ул. Бердике Баатыра дом 198 кв.5
+996 556 600 295
3. Джалал-Абадская область, с. Багыш ул.Гагарина 60
+996 552 663122; + 996 772 663122

**ОФ «Центр Содействия Международной Защите»**
Кыргызская Республика, г. Ош, ул. Мичурина 9.
+996 3222 44-9-60, +996 3222 44-0-69
center.sip@gmail.com
Сайт: www.csip.kg

**Адаптация жана укуктук колдоо жөнүндө ар кандай суроолор боюнча пайдалуу маалыматты жана кеңештерди регион аралык маалымат порталынан тапсаңар болот migrussia.ru**

Медицинская помощь. Образование детей (на киргизском языке)
Буклет разработан БФ «ПСП-фонд»
Авторы-составители: Якимов А.Н., Ефимова О.Б.
Тираж: 2000 экз.

Публикация подготовлена в рамках проекта «Развитие сотрудничества некоммерческих организаций России и Средней Азии, направленного на адаптацию и интегрирование мигрантов в правовое и культурное поле Российской Федерации», реализуемого с использованием гранта Президента Российской Федерации на развитие гражданского общества, предоставленного Фондом президентских грантов.

ФОНД ПРЕЗИДЕНТСКИХ ГРАНТОВ

БФ «ПСП-ФОНД»

# Медициналык жардам

# Балдарга билим берүү

## Эмгек мигрантына жардам

2019

## МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ

**Чет элдик жарандардын медициналык камсыздоо полиси болушу керек! Эгерде Сиздин полисиңиз жок болсо-Сизди чек арадан өткөрбөй, айып пул төлөтүшү же ал түгүл Россиянын аймагынан чыгарып жибериши мүмкүн!**

**Медициналык полис эки түрдө болушу мүмкүн:**

- **Ыктыярдуу медициналык камсыздоо**
- **Милдеттүү медициналык камсыздоо, акысыз берилет**

### ЫКТЫЯРДУУ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДОО

Ыктыярдуу медициналык камсыздоо полиси камсыздоо компанияларынын офисинде, “Россиянын Почтасы” бөлүмдөрүндө берилет.

Ыктыярдуу медициналык камсыздоо полисинин баасы сиз ала турган медициналык кызматтын санына жараша болот. Бул маселелерди полис сатып алып жаткан учурда тактап алышыңыз керек.

**Эгерде аял киши кошбойлуу кезинде медициналык жардам алгысы келсе, полис алып жатканда ал жөнүндө сөзсүз түрдө билдириши абзел, анткени мындай учурга камсыздоонун өзгөчө программасы керек болот.**

Ыктыярдуу медициналык камсыздоо полисин алыш үчүн:

- Паспорт, нотариус аркылуу тастыкталган орусча котормосу менен;
- Миграциялык карта;
- Каттоо (миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралуу билдирүү).

Ыктыярдуу медициналык камсыздоо полисин жумуш берүүчү алып берсе болот (бирок милдеттүү эмес).

### МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДОО

**Милдеттүү медициналык камсыздоо полисин сиз ала аласыз, эгерде:**

- ЕАЭБке кирген өлкөнүн жараны болуп, эмгек макулдугу менен иштеп жүрсөңүз.

**Же:**

- убактылуу жашоого уруксаатыңыз болсо;
- жашап турууга укугуңуз болсо;
- убактылуу баш паанек алуу тууралуу күбөлүгүңүз болсо;
- качкындын күбөлүгү болсо.

Милдеттүү медициналык камсыздоо полисин алуу үчүн каттоодон өткөн жердин поликлиникасына төмөндөгү документтердин түп нускасын алып келүү керек:

- Паспорт, нотариус аркылуу тастыкталган орусча которомосу менен;
- Жеке өздүк эсептин камсыздоо номери, аны Пенсиондук Фонддон же Көп функционалдуу борборлордон алса болот;
- Эмгек макулдугу;
- Миграциялык карта;
- Каттоо (миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралуу билдирүү).

**Өзүнүн эмгек макулдугу жок ЕАЭБдин жарандарынын үй бүлө мүчөлөрү милдеттүү медициналык камсыздоо полисин алганга укугу жок, алар ыктыярдуу медициналык камсыздоо полисин алышы керек.**

### ТЕЗ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ

**Тез медициналык жардам Россияда АКЫСЫЗ! Сиздин медициналык полисиңиз жана документтериңиз жок болсо дагы сизге медициналык тез жардам көрсөтүүгө милдеттүү!**

**Тез жардамдын телефону-103 же 112 мобилдик телефондон деле чалсаңыз болот(телефондо акча жок болсо дагы, ал блокто турса дагы)**

**Тез жардамды адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туулган учурда чакыруу керек.**

Анын ичинде:

- адам дем албай калганда;
- эсин жоготкондо;
- кырсык болгондо (жол кырсыгы, бийиктиктен кулаганда ж.б.);
- кошбойлуу аядардын толгоосу башталганда, ичи катуу ооруганда;
- катуу травма алганда;
- тамак аштан ууланганда;
- катуу жана көпкө созулган ич оорусунда;
- дене табы бийик болгондо;
- кан кеткенде.

Тез жардам алып кеткен адамдан кабар алыш үчүн Санкт-Петербург шаары жана Ленинград областындагы кырсыктарды каттоо бюросуна кайрылгыла- 8 (812) 573-66-66, 8 (812) 573-66-63; Москва шаары жана Москва областы - 8(495) 688-22-52.

Эгерде тез жардам чакырганга келбесе же Сизди дарылагандан баш тартса тез жардамдын кызматына даттануу боюнча дарекке телефон чалыңыз: 8 (812) 571-45-04 (Санкт-Петербург шаары); 8 (812) 456-11-33 (Ленинград областы); 8 (495) 777-77-77, 8 (499) 251-83-00 (Москва шаары); 8 (495) 562-35-35 (Москва областы).

### ПАЙДАЛУУ БАЙЛАНЫШ ДАРЕГИ

Медициналык жардам алууда көйгөйлөр болгон учурда төмөндөгү дарекке кайрылыңыз:

- Саламаттык сактоо Министрлигинин шашылыш линиясына: 8 800 200-03-89
- Санкт-Петербург шаарынын саламаттык сактоо Комитетине: 8 (812) 595-89-79, 8 (812) 571-09-06
- Ленинград областынын саламаттык сактоо Комитетине: 8 (812) 611-45-45
- Москва шаарынын саламаттык сактоо Департаментине: 8 (495) 777-77-77
- Москва областынын саламаттык сактоо Министрлигине: 8 (498) 602-03-01

## РОССИЯДАГЫ ЧЕТ ЭЛДИК ЖАРАНДАРДЫН БАЛДАРЫНА БИЛИМ БЕРҮҮ

**Чет элдик жарандардын балдары акысыз бала бакчага жана мектепке барууга укуктуу.**

**Мектеп жашындагы балдардын ата энелери балдарын мектепке берүүгө милдеттүү.**

Бала бакчага жана мектептин биринчи классына кириш үчүн каттоодон өткөн жериндеги көп функционалдуу борборго кайрылыш керек.

Эгерде бала бакчада бош орун жок болсо, баланы кезекке тургузат.

**Эгерде ата эне мектепке барып, баласын мектеп албай койсо, райондук билим берүү бөлүмүнө кайрылышы керек, ал жактагылар райондун бир мектебинен орун таап бергенге милдеттүү.** Өзүнүн райондагы билим берүү бөлүмдүн дарегин интернеттен же коомдук уюмдарга кайрылып тапса болот.

Кээ бир учурларда мектепке алууда баланы кайсы класска жиберүүнү аныкташ үчүн мугалимдер бала менен баарлашуу өткөрүшөт.Эгерде бала орус тилинде жакшы сүйлөй албаса, мугалимдер балага бир класс ылдый отурууну сунуш кылышат, бул андай деле чоң көйгөй эмес.

**Бала бакчага жана мектепке керектүү документтер(түп нускалар жана көчүрмөлөр)**

- баланын жана ата энесинин бирөөсүнүн паспорту;
- баланын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү;
- баланын жана ата энесинин бирөөсүнүн миграциялык картасы;
- баланын жана ата энесинин бирөөсүнүн миграциялык каттоодон өткөндүгү тууралуу билдирүүсү (бала мектепке же бала бакчага бара турган райондо);
- баланын медициналык картасы;
- 026 медициналык справкасы жана прививкаларды алгандыгы тууралуу сертификат(балдардын медициналык клиникаларында төлөм менен берилет);
- баланын мурдагы окуган мектебинен алынган өздүк делосу (эгерде ал окуп жүргөн болсо).